«Макулдашылды»
ООБ.башчысы
Малабекова Ч.С

«Бекитемин»
Байдылда Маленов орто
мектебинин мудуру
Сманалиева Ж.С

**Байдылда Маленов атындагы орто мектеби**
**Класстан тышкаркы иш-чаралар жөнүндө Жобо**

1. **Жалпы жоболор**

1.1. Бул жобо КРнын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамына, мектептин Уставына ылайык иштелип чыккан.

1.2. Бул жобо билим берүү программасында каралбаган,класстан тышкаркы иш-чараларды,аларды пландоону,даярдоону,өткөрүүнү,натыйжаларын талдоону жөнгө салат.

2. **Класстан тышкаркы иштин түрлөрү.**

2.1. Жалпы мектептик иш-чаралар:

- дискотекалар;
- майрамдар;
- чыгармачыл сынактар;
- спорттук мелдештер;
- таңкы физзарядка;
- экскурсиялар;
- ар түрдүү тематикадагы сынактар;
- ата-энелер чогулушу;

2.2. Жогорку пунктта көрсөтүлгөн иш-чаралар мекеменин директору тарабынан бекитилет.

2.3. Жалпы мектептик тарбия иштерине тарбиячылар,класс жетекчилер жана башка адистер катышат.

2.4. Иш-чараларга мекеменин чыгармачыл,спортчул,ар тараптан өнүккөн,өз күчүнө ишенген контингенти катыша алат.

2.5. Мекеменин класстан тышкаркы иш-чараларына ата-энелер катыша алат.

3. **Иш-чараларды өткөрүү убактысы.**

3.1. Мекемеде иш-чаралардын көбү күндүзү өткөрүлөт.

3.2. Чоң класстардын окуучулары үчүн дискотека,жаңы жыл тосуу майрамы кечинде өткөрүлөт жана кечки саат 10.00до аяктайт.

4. **Класстан тышкаркы иштердин көрсөткүчтөрү жана аларды баалоо.**

4.1. Максаттуулугу төмөнкүчө аныкталат:

- мекеменин окуу –тарбия тутумундагы орду;
- класстан тышкаркы иш чаранын тематикасынын тарбиялык мааниси;
- коюлган милдеттердин окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө дал келиши;
- эгерде иш-чарага ата-эне катыша турган болсо, алар менен алдын ала макулдашуу;
- иш-чарага катышуучулардын катар-тартибин тактоо;
- иш-чара үчүн түзүлгөн сценарийдин иш-чара үчүн шайкештиги;

5. **Иш-чараларды уюштуруу.**

5.1. Иш-чараны өткөрүүдөн мурун уюштуруучу иш-чаранын сценарийи менен тааныштырат жана директор бекитет.

5.2. Мындан тышкары төмөнкү маалыматтар такталат:
- катышуучулардын саны,аты-жөнү;
- башталуу жана аякташы,узактыгы такталат;
- катышуучу мугалим,ата-энелердин аты-жөнү;
- тартип сактоого дежур мугалимдерди,окуучуларды дайындоо;
- өрт коопсуздугуна жооптуу адамдарды тактоо;

5.3. Жогорку класстын окуучулары үчүн кечелерди,дискотекаларды,экскурсияларды өткөрүүдө мугалимдердин,класс жетекчилердин,ата-энелердин,тартип сактоочулардын милдетин тактоо.

5.4. Мекеменин чоң класстагы окуучулары үчүн жаңы жыл кечесин тосууда милиция кызматкерлери чакырылат да,алар кеченин акырына чейин тартипти көзөмөлдөйт

**6. Дем берүү.**

Класстан тышкаркы иш-чараларга катышкан окуучуларга,ата-энелерге,мугалимдерге дем берүү:

6.1. Иш-чарага өзгөчө баалуу салым кошкон мекеменин окуучуларына мекеменин директорунун буйругу менен ыраазылык билдирүүгө болот,ошондой эле мекеменин диплому,мактоо баракчасы,чакан белектер тапшырылат.

6.2. Мугалимдер активдүү жана жемиштүү катышкан болсо,директордун буйругу менен анын эмгек китепчесине ыраазычылык жарыялоо менен мекеменин дипломy ,мактоо баракчалары ыйгарылат.

6.3. Мекеменин класстан тышкаркы иш-чараларына активдүү катышып,ийгилик жараткан ата-энелер мекеменин директору тарабынан ыраазычылык кат же диплом менен сыйланат.

**7. Иш кагаздары.**

7.1. Иш-чаранын эң ийгиликтүү,кызыктуу сценарийлери уютуруучу же мекеменин администрациясы аркылуу чогултулуп,топтолот.Бул топтом келечекте өткөрүлүүчү иш-чараларда пайдалануу үчүн катышуучу окуучуларга же мугалимдерге жардамчы пособие болот.